Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№15 [16973] ИШЕМБИ, 21/06/2025

## КЫРГЫЗСТАНЫМ, СЕН БАР ҮЧҮН БИЗ БАРБЫЗ!



5-бетте

**Мирланбек Примкулов:**

## “Инвестиция тартылып, айыл аймагы жакшыртылууда”



4-бетте

## Төө-Моюндагы демилгелүү аракеттер



8-бетте


**Бегали кызы Жаркынай:**

## “ООРУНУН АЛДЫН АЛУУ КҮЧӨТҮЛӨТ”



6-бетте

## ЭСТЕЛИК ЭМИ ОРДУН ТАПТЫ




3-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2025-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана). 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: «КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ», «ЛЕНИН ЖОЛУ»

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Б.Ысакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 784
Нускасы: 1800

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги: 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Ош облусундагы камсыздандыруу иштери



Ош облусунда камсыздандыруу иштеринин жүрүшүнө багытталган жыйын өттү. Жыйынга райондук мамлекеттик администрация башчыларынын биринчи орун басарлары, облустагы мамлекеттик органдардын жетекчилери жана өкүлдөрү, ошондой эле "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ААКнын Ош филиалынын кызматкерлери катышты.

Жыйында 2024-жылдын 20-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлган ПЖ №79 "Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу рыногун өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын алкагында аткарылып жаткан иштер тууралуу маалымат берилди. Бул жарлыкка ылайык, бардык мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалар өздөрүнүн карамагындагы кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү милдеттүү түрдө камсыздандыруудан өткөрүүгө тийиш.

2025-жылдын 12-июнуна карата алынган маалыматтарга ылайык, Ош облусунда мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерге тиешелүү 1554 имарат катталган, алардын ичинен 729 имарат же 46,9 пайызы гана камсыздандырылган. Ал эми 640 автоунаанын ичинен 408и камсыздандырылып, камсыздандыруу деңгээли 63,7 пайызды түзгөн.

Турак жайларды милдеттүү камсыздандыруу багытында болсо, бүгүнкү күнгө карата 83 428 үй камсыздандырылып, бул жалпы турак жайлардын 48,2 пайызына туура келет.

Жыйында ошондой эле 2025-жылдын май-июнь айларында өткөрүлгөн турак жай жана транспорт каражаттарын камсыздандыруу боюнча маалыматтык кампаниянын жыйынтыктары боюнча отчеттор угулду.

"Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ААКнын Ош филиалынын директору Самат Шатманов камсыздандыруу иштеринин жүрүшү, протоколдук тапшырмалардын аткарылышы жана жергиликтүү бийлик органдары менен кызматташуу маселелери боюнча маалымат берди.

Мындан сырткары, жыйында Ош облустук өзгөчө кырдаалдар башкармалыгы, облустук юстиция башкармалыгы, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын жана Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын Ош облустук бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү тарабынан да тиешелүү маалыматтар берилди.

Жыйындын жүрүшүндө райондук мамлекеттик администрация башчыларынын биринчи орун басарлары камсыздандырылган турак жайлар табигый кырсыктарга кабылган учурда компенсация төлөмдөрүн берүү механизмин жакшыртуу максатында камсыздандыруу мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарын беришти.

# Региондорду өнүктүрүү маанилүү

Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын чоң жыйындар залында Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы №134 токтомун ишке ашырууга багытталган регионалдык деңгээлдеги жолугушуу өткөрүлдү.

Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, Экономика жана коммерция министрлигинин региондук өнүктүрүү саясаты башкармалыгынын начальниги Искандарбек Маматов, Борбордук Азиянын жергиликтүү өз алдынча башкаруу академиясынын эксперти Айнура Балакунова жана район акимдери, айыл өкмөт башчылары жана өнөктөш уюмдардын өкүлдөрү катышышты.

Жолугушуунун максаты — "2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын региондорун комплекстүү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын" аткарылышын талкуулоо жана анын алкагында жергиликтүү деңгээлдеги механизмдерди ишке киргизүү жолдорун аныктоо болду.

Жыйында талкууланган негизги маселелер:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №134 токтомунун (18.03.2025-ж.) алкагында региондорду комплекстүү өнүктүрүү программасынын аткарылышы;
- Региондорду өнүктүрүүдө жаңы пландаштыруу методдорун жана комплекстүү системаларды киргизүү;
- Райондук координациялык кеңештерди түзүү, инклюзивдик өнүгүүнү камсыздоо жана диалог үчүн платформаларды уюштуруу;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жамааттардын өнүгүүнү пландаштырууда жаңы ыкмаларды кабыл алуусу боюнча маалымат берүү жана талкуу жүргүзүү.

Жыйындын жүрүшүндө айыл өкмөт башчылары тарабынан конкреттүү суроолор, сунуштар көтөрүлүп, алар боюнча ачык талкуу да жүргүзүлдү. Сонунда катышуучулар бул жолугушууну региондук өнүгүү боюнча маанилүү практикалык аянтча катары баалашты.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# Мол түшүм калкка

Ноокат райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы М. Турдуев тарабынан "Агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү чаралары" тууралуу 5 багытта иштер жүргүзүлүп келе жатат. Биринчи багыты - "Ирригация жана мелиорация обьекттерин жакшыртуу".

Экинчи багыты -"Дыйканчылыкта өсүмдүктөрдүн үрөөндөрүн көп жылдык бак-дарактардын көчөттөрүн, мал чарбасынын уруктарын сапаттуу жана жетиштүү даярдоо"(үрөн, мал чарбасы, көчөт, бактар).

Үчүнчү багыты - кайра иштетүү, азык-түлүк коопсуздугу, соода, логистикалык борборлор, МТС жана кооперация ( кайра иштетүү, логистика борбору, күнөскана, тамчылатып сугаруу).

Төртүнчү багыты - "айыл чарба продукцияларынын экспортун жакшыртуу"(экспорттоо).

Бешинчи багыты- "Илим, билим жана тажрыйба алмашуу". (окуулар, семинарлар).

КРнын суу ресурстары, айыл-чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министри Б. Э. Төрөбаевдин тапшырмасын аткарууга алып, Ноокат райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы Мухамедхалил Турдуев тарабынан райондун аймагындагы кооперативдердин ишин жандандыруу максатында, мамлекеттик айыл-чарба фондунун жерлерин өздөштүрүүдө максаттуу иштер аткарылууда. М. Турдуев жаш ишкер Акжол Зулуновдун демилгесин колдоп 2 га. жерди бөлүп берди. А. Зулунов кооперацияны өнүктүрүү үчүн 3 млн. сом кредит алып, жерди өздөштүрө баштайт.

Жеке ишкер кулпунай эгүүнү өткөн жылы баштаган болчу. Жумушчуларды алып, кулпунайды эгүүдөн баштап, түшүм алууга чейин биргеликте иштешип, аларга күнүмдүк эмгек акысын чыгарып берип турду. Кулпунайды терүүгө 30 жумушчу тартылды. Быйылкы жылы дагы кулпунайдын түшүмү мол болду. Базар баасында кардарларга арзан баада сатышты. А. Зулунов Кеңеш айыл өкмөтүнүн Куу-Майдан айылындагы эгин талаасына келерки жылы дагы кулпунай эгүүнү пландаштырууда.



**Б. Ысакова.**

# “Айтил” платформасы - мамлекеттик тилди санариптештирүүдөгү маанилүү кадам

Кыргыз тилиндеги алгачкы жасалма интеллект принцибинде иштеген "Айтил" улуттук платформасы колдонула баштады. Муну кыргыз тилин санарип дүйнөгө жакындаткан маанилүү кадамдардын бири десе болот. Аталган платформа КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан иштелип чыкты. Жасалма интеллектке негизделген бул алгачкы технологиялык платформа тилдин өнүгүүсүнө, жайылуусуна жана заманбап шартта колдонуусуна түрткү бере турган курал болот.

"www.aitil.kg 2020-жылдан бери мамлекеттик тил боюнча жасалма интеллекттин негизинде иштелип чыккан продукцияларды бириктирген улуттук платформа. Платформа мамлекеттик тилди колдоо, өнүктүрүү жана заманбап технологиялар менен айкалыштыруу максатында иштелип чыкты. Кыргыз тили да учурдагы дүйнөлүк тенденцияларга ылайык жасалма интеллект менен интеграцияланып, тилдик технологиялардын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып, билим берүү, медиа, мамлекеттик кызмат ж.б. тармактарда кеңири колдонулууга багыт алууда", -дейт КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын аймактарда мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Алмагүл Телекманова.

Маалыматка ылайык, "Айтил" аркылуу: кыргызча текстти үнгө айлантып ага аласыз, өзүңүздүн үнүңүздү жаздырып, текстке айландыра аласыз, акылдуу чат ассистентинин функцияларын пайдалана аласыз, кыргыз тилинен дүйнөлүк 10 тилге которуу кызматын колдоно аласыз, Youtube каналындагы башка тилдердеги видеолорду кыргыз тилине которо аласыз, PDF документтеги жана сүрөттөгү кыргыз тилиндеги текстти алса болот.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө технология тездик менен өнүгүп жатат. Биз да жасалма интеллект тармагында артта калбашыбыз керек. Бул платформа жарандар жана мамлекеттик кызматкерлер үчүн чоң жеңилдик түзөт. Азырынча платформанын негизги модулдары иштелип чыккан. Бирок, анын толук мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу үчүн эки негизги маселе турат. Биринчиси техникалык база. Учурда колдонуп жаткан суперкомпьютерлердин кубаттуулугу жетишсиз. Алар 5 жыл мурда алынган. Тездик менен өнүгүп жаткан ааламдашуу доорунда бул суперкомпьютерлердин эскилиги жеткен. Бирок, мамлекет бул маселени чечүүгө көмөктөшүүдө. Экинчи маселе тилдин улуттук өзөгү. Мамлекеттик тилдин улуттук өзөгү толук иштелип чыгышы керек.

Алмагүл Омурзаковна ошондой эле, бул платформа заманбап технология менен мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө жана элге жеткирүүдө маанилүү кадам экендигин айтып, ал аркылуу мамлекеттик тилибиз жаңы санариптик деңгээлге көтөрүлүп жатат деп баса белгиледи.

Расмий иш кагаздарынын “Документ.гов.кж” (https://document.gov.kg/kg) толук санариптик китепканасы, мамлекеттик тилдеги расмий иш кагаздарынын үлгүлөрү, ошондой эле кыргыз тилин жаңы үйрөнүп жаткан жарандар үчүн иштелип чыккан мобилдик колдонмо – “Кыргызча оңой”, “Кыргыз тилин санариптик окутуу жолдору” (https://sanariptik-okutuu.kg) платформалары ар бир жаранга өз убактысына жараша кыргыз тилин үйрөнүүгө шарт түзөт. Анда угуу, окуу, жазуу жана сүйлөө көндүмдөрүн ыраатту өнүктүрүүгө көмөктөшкөн интерактивдүү тапшырмалар, тесттер жана мультимедиялык материалдар камтылган.

Бардык көрсөтүлүп жаткан платформалар: aitil.kg, document.gov.kg жана sanariptik-okutuu.kg интернет аркылуу акысыз жеткиликтүү, каалаган жаранга колдонууга ыңгайлуу шарт түзөт.

**А.МАТИЕВА.**

Пикир

# ЭСТЕЛИК ЭМИ ОРДУН ТАПТЫ

**Кыргыз элинде аялзатынын орду дайыма даңктала даңазаланып келет. Анткени ал урматтоого, урпак тартуулоого таасындуу опол тоодой басымдуу оорундагы купуялуу инсандар. Ошол себептен элибизде Каныкей, Айчүрөк, Жаңыл Мырза, Кыз Сайкал, Уркуя сыяктуу энелерибиздин ысымдары журт добоосундагы таалим-тарбия баасында таасындала үлгү катары айтылганы бекеринен эмес чыгар. Ал эми Курманжан датка энебиздин оорду бул карaанда өзгөчө экендиги Кыргыз элибиз эгемендүүлүккө ээ болгон отуз жылдан ашык мезгилде катуу даңкталганы, анын тарыхтагы орду башка сапатта экендигинде окшойт.**




Энебиз он тогузунчу кылымдын баш ченинде ушул эле ордолуу Оштун айланасында жарык дүйнөгө келгенин мезгил барактарынан билебиз. Датка энебиздин көсөмдүгү, көрөгөчтүгү карангыдан жол тапкан, капилеттен сөз тапкан баамдуулугу бүткүл ааламга көтөрүлгөндүгү жылдан жылга баркын таап баратат.

Ошол эгемендүүлүктүн башталышында Курманжан Датка энебиздин 180 жылдыгы мамлекеттик деңгээлде белгиленгендиги тарых барактарына жазылды. Ошондо Ош шаарынын чок ортосуна анын образдуу айкели тургузулган эле. Бул иш-чара зор кубаттоо менен эл арасында колдоого алынгандыгы белгилүү. Андан бери чейрек кылым мөөнөт өткөн соң Датка энебиздин эстелиги экинчи орунга которулду. Бул чечим өтө туура болгондугун шаар тургундары, келген коноктор, Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаевдин баамчылдыгына баа берип жатышат. Эстелик эми оордун тапты окшойт. Азыркы эстелик турган жер өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан бери эле "Бакыт Үйү" катары баш кошкондорду каттоого алган, жаштарга бакыт тилеген үйдүн аянтчасы болгон. Бул жерде баамчылдык менен реставрация иштери жүргүзүлдү. Энебиздин айкели орнотулган Бакыт Үйүнүн алды эми символикалык мүнөзгө айланды десек жаңылыштык болбос чыгаар. Энебиз жаңыдан баш кошкондорго бакыттын татаал-таймаш жолунда туруктуу, түбөлүктүү бакыт тилеп турган психологиялык символдуу көрүнүшкө келди.

Бакыт Үйүнөн кол кармаша мыйзамдуу үй-бүлө курууга кадам таштаган жаштар энебиздин эстелигине таазим кыла үй-бүлөсүнүн бекемдигине шарт байлап турган учурда зор дем болот окшобойбу. Чындыгында Бакыт Үйүнүн алдындагы азыркы сүрөттөлүш жашообуздун чайналган учурунда сезим кылдарындагы үмүттүн бекем болуусуна көмөгүн көрсөтөт болуш керек. Эне болууга, бакыт жолуна аттанган жаштарыбыздын байсалдуу сапарларына бата тилеп тургандыгы ой баамдаган шартта таасирдүү болду десек аша чапкандык эмес го. Энебиздин эстелиги эрте менен таң супа тарткандан күн шооласын чачкан күн чыгышка карай образдуу турушунда тилектүү турушу менен үй-бүлөө бактысына бата тилегендигинде турмуштун таштак жолунда ташыркабай өмүр кечирүүнү каалаган уюткуга баа болгондугу менен өз ордун тапты.

**М.Осмонов.**

Калк айтса калп айтпайт

# Казанда болсо чөмүчкө чыгат

Мен бул жашоонун ар түрдүү учурун баштан өткөргөн 73кө чыккан кары адаммын. Кудайга шүгүр, деп соолук жакшы, көз жакшы көрөт, кулак угат. Ушул мезгилге чейин жеңил машина айдайм. Мамлекетибиздеги кийинки жылдарда болуп жаткан өзгөрүүлөргө ыраазы болуп, ал тууралуу "Ош жаңырыгы" гезити аркылуу өз оюмду айтып өтүүнү туура көрдүм.

Баарыбызга белгилүү, Оштон Ноокатка чейин аралык айдоочулары да, жүргүнчүлөрдү да жүдөткөн жол болгон. Өткөн жылы Ноокат шаарындагы жолду ачуу аземинде Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы, КР Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Камчыбек Ташиев "Бул жол Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун көзөмөлүндө турат. Кийинки жылы Оштон бери чыккан 13 км аралык кеңейтилип, ага асфальт төшөлөт" деп элди кубантып кеткен болчу. Ара-бери өткөн жүргүнчүлөр көрүп жаткандыр, жолдун курулушу кызуу жүрүп жатат. Ал пайдаланууга берилип калса, айдоочулар тебетейлерин көккө ыргытып бир кубанып алышат го...

Бул жерде "Өзүбүздүн алтыныбызды өзүбүзгө алып, казынабызды толтурса болот экен го, эмне үчүн мурда мындай болгон эмес?" деген мыйзамченемдүү суроо туулат. Менин түшүнүгүмдө мурдагы мамлекет башчылары мындай чечкиндүүлүккө барганга саясий эрктери жеткен эмес же... чет өлкөлүк инвесторлор менен табакташ болуп жүргөн.

Мамлекеттик бийлик тарабынан көзөмөл, талап күчтүү болсо, иш жүрүшөт тура. Мурда чоң кызматтагылар мамлекеттин бюджетине суук колдорун салып, ичип, жеп жүрсө, азыр анте алышпай калды окшойт.

"Казанда болсо, чөмүчкө чыгат" дегендей казынабызда каражат көбөйүп, мамлекетибиз, анын ичинен Ош облусунун ар тараптуу өнүгүп жатканын көрүп, ичиң жылыйт. Азыркы учурда облусубуздун бардык аймактарында жолдор курулуп, асфальт төшөлүп жатат.

Ага биздин райондун Исанов жана Зулпуев айыл аймактарын бириктирген Карабаш-Ак-Чабуу автожолу күбө. Бир жума мурда Карабаш айылында Ак-Чабуу айылына карай кеткен жолго асфальт төшөө башталды. Жолчуларга айылдын аксакалдары батабызды бердик. Бул жол райондогу Көк-Бел, Исанов, Кеңеш жана Зулпиев айыл аймактарынын жашоочуларын Ош-Раззаков автожолуна алып чыгуучу кыска жол болуп калмакчы.

**Маматмуса Саитов,**
**Ноокат району,**
**Исанов айыл өкмөтү.**

Ноокат районунун Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн жетекчиси Мирланбек Примкулов:

# “Инвестиция тартылып, айыл аймагы жакшыртылууда”

**Айтылуу Ноокат районундагы Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы эл керектөөчү соода дүкөндөрү, курулуш материалдары, ашканалар элдин кызматында. Ал эми майрам күндөрүндөгү оюн-зоок өткөрүүчү маданият үйү, паспорт бөлүмү, элдин коопсуздугун сактоочу милиция бөлүмү, ооруканa, ФАП жана аптека калктын талабын орундатып келе жатышат. Айыл өкмөтүнүн жетекчиси Мирланбек Примкуловдон өткөн жана быйылкы жылдагы аткарылган иштер боюнча маалымат алдык.**



- 2024-жылы жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн орундатып, мыкты ийгиликтерге жетишти. Айыл өкмөтүнүн 38,3 млн сом өлчөмүндө салык жана салык эмес жыйымдарды чогултуу планы коюлса, аны 39,9 млн сомго ашыгы менен аткарышты. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан дотация көлөмүн кыскартуу боюнча, бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. 2025-жылдан баштап айыл аймагы дотациядан толугу менен чыкты. Башкача айтканда, сарамжалдуу башкаруу, эффективдүү салык чогултуунун пайдасы болду дейт, Мирланбек Примкулов.

Өткөн жылдын ичинде айыл өкмөтүнүн аймагында 6,1 млн сомдук өнөр жай продукциясын өндүрүшкөн. Натыйжада, өнөр жай тармагы жылдан-жылга өнүгүп-өсүп баратат. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл чарбасы, мал чарбасы, өнөр жайы, курулуш, соода-сатык жана жергиликтүү экономикасы жогорулап жаткандыгын айтмакчыбыз.



## Жаштарга жумуш ордун түзүү

Азыркы учурда айылга барсаң көчөдө жүргөн жаштардын саны азайган. Көпчүлүгү алыскы чет өлкөдөгү шаарларга иштөө үчүн кетип калышкан. Небере караган чоң ата, чоң энелерди көрдүк. Айыл аймагындагы жаштар үчүн эки чоң ишкана ачылды. Анын биринчиси, айыл чарбасына багытталган логистикалык борбор болсо, экинчиси, кийим тигүү цехи ишке киргизилди.

Тигүү цехинин салтанаттуу ачылуу иш-чарасына КРнын Президенти С. Жапаровдун онлайн катышуусунда болуп өттү. Бул иш-чарага Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары Мамажунус Абилов, чет элдик инвесторлор, АРИС Эл аралык уюмунун адистери жана айыл өкмөтүнүн жетекчиси, айылдын эли катышышты. Тигүү ишканасы 40 орунга ылайыкташтырылган, азыркы күндө 30 жумушчу иш менен камсыздалган. Н. Исанов атындагы айыл аймагынын экономикалык жактан өнүгүүсүнө тоо-кен өнөр жайынын, “УСМ Водстрой”, “ЖЧК Самайт” жана “ЖИ Агзамов” ишканалары үч көмүр кенин сапаттуу иштетишип, 2024-жылда 34 000 тонна көмүр өндүрүшүп, жергиликтүү бюджетке салым кошуп, айыл аймагындагы социалдык долбоорлорду иш жүзүнө ашырууга шарттар түзүлдү. Андан тышкары, жогорудагы ишканалар роялти жана лицензиялык төлөмдөрдү төлөө менен инфратүзүмдөрдү жакшыртууга да үлүштөрүн кошту.

## “Ноокат алмасы”

- Өткөн жылы айыл аймагындагы айыл чарба тармагынын жалпы өндүрүш көлөмү 618 млн сомду түзсө, 2023-жылга салыштырмалуу 18 млн сомго көбөйүп, 102% аткарылды. Түлкү-Дөбө айылында курулган “Ноокат алма” айыл чарба кооперативинин логистикалык борбору иштеп келет. Сметалык наркы 120 млн сомду түзгөн 1200 тонналык алма сактоочу жай КРнын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары, Б. Төрөбаевдин, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Э. Жантаевдин, райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары М. Абилов АРИС Эл аралык уюмунун өкүлдөрү жана жеке ишкерлердин катышуусунда ачылды.



Аталган борборго 700 тонна алма сактоого болот, алдыдагы максаттары, алманы кургатуу, сорттоо, жакынкы өлкөлөргө экспорттоо жагын пландаштырышууда. “Ноокат алмасы” келечекте эл аралык базарларда сатылат дейт айыл өкмөтүнүн башчысы М. Примов.

## Долбоорлор иш жүзүндө аткарылды

Дыйкандар үчүн сугат суунун тартыштыгын жоюу максатында бир нече долбоорлор жазылып, иштелип чыкты. Чеч-Дөбө жана Күңгөй-Кожоке айылдарындагы иштетилбей калган төрт эскилиги жеткен скважина Ага-Хан коомдук фондунун колдоосу менен оңдолуп, 6 млн сомго жаңы жабдуулар менен орнотулду, ошондой эле оңдоо жана калыбына келтирүү иштерине жергиликтүү бюджеттен кошумча каражат бөлүнүп берилип, 60 га эгин талаасына сугат суусун берүү жагы каралды. Күңгөй-Кожоке айылынын Карабаш участкасына 385 000 сомго суу насосу сатылып алынып, 20 га эгин аянты сугат суусу менен камсыздалды. Чеч-Дөбө айылындагы ички арыктарды оңдоп, кеңейтүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 980 000 сомго латокторду сатып алышып, 651 м. аралыкка орнотулуп коюлду. Долбоордун негизинде 40 га эгин талаасын сугат суу менен камсыздашты. Ал эми, ички арыктар менен каналдарды тазалоого 35 0000 сом бөлүнүп берилип, тазалоо жана оңдоо иштери аткарылды.

## Таза суу жеткирилди

- Күндөлүк жашоодо ичилүүчү таза суу ар бир адамга керек. Айылдын тургундарын таза суу менен камсыздоо үчүн Ош областтык өнүктүрүү фондунун колдоосу менен 5 млн 200 миң сомго жабдуулар алынды. Кожоке айылына 300 кубдук суу кампасы курулуп берилди. Ошондой эле таза суу түтүктөрүн жаңылоого жана кеңейтүүгө, 11000 метр аралыкка суу түтүгү тартылды. Анын ичинде Күнгөй- Кожоке айылына 3500 метр, Жар-Коргон айылына 2000 метр суу түтүктөрү тартылды. Натыйжада, 734 кожолуктан турган 10000 ден ашык калк таза суу ичишүүдө, жалпысынан бул долбоорго 7 млн 400 миң сом акча каражаты жумшалды.

## Өзгөчө кырдаалга өзгөчө мамиле көрсөтүлдү

Өткөн жылы Н. Исанов атындагы айыл аймагындагы катталган селдин агымы турак-жайларга жана айыл чарба багытындагы жерлерге зыянын тийгизди, айрыкча, Кожоке, Чеч-Дөбө, Жаңы-Базар айылынын жашоочулары селден жабыр тартышты, эгиндерин сел каптады. Кожоке айылындагы Алчалуу участогундагы сел ташкыны 30 турак-жайга кирип, бакча жана эгин талааларын жууп кетти. Жогорудагыдай кырсыктын кесепеттерин алдын ала жоюу максатында Ноокат райондук өзгөчө кырдаалдар башкармалыгы жана жергиликтүү бийлик жардам берип, техникалык шаймандарды жана жергиликтүү адамдарды жумушка тартты.

Кызыл Жарым Ай коому жана коңшу мамлекеттер тарабынан гуманитардык жардамдар көрсөтүлдү. Жабыр чеккен үй-бүлөлөргө жардамдар берилди.

Көк-Бел, Н.Исанов жана Кеңеш айыл өкмөттөрүн табигый кырсыктардан коргоо максатында 7 млн сомдук өрт өчүрүүчү имарат курулуп, пайдаланууга берилмекчи.

## Инвестиция тартышты

-2024 жыл ичинде Н. Исанов атындагы айыл өкмөтү жалпысынан 135 млн 262 миң 500 сомдук инвестиция тартышты. Өткөн жылга салыштырмалуу 20 млн 762, 5 сомго көп болуп, 118% ды түздү. Айыл аймакта инвестицияны ийгиликтүү тартышып, ишкердикти өнүктүрүү жана жумуш орундарын түзүү багытында алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жатат, тактап айтканда, 168 жаран туруктуу жумуш орду менен камсыздалды.

## 100 миң сомдон каржылык жардам алышты

-Социалдык контракт программасынын негизинде аз камсыз болгон 25 үй-бүлө ишкердик сабаттуулук боюнча окутулуп, 171 үй-бүлө менен келишим түзүлдү. Алар 100 миң сомдон каржылык жардам алышып, өздөрүнүн ишмердүүлүгүн башташып, пайдасын көрүшүүдө. 2023-жылы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн саны 541 жараанды түзсө, 2024-жылы 387 ге чейин төмөндөдү да, жакырчылыктын деңгээли бир топ азайды.

## Жолдор асфальтталып, көчөлөр жарыктандырылды

-Жылдан-жылга жолдор асфальтталып, тегизделип баратат. Жергиликтүү жана республикалык бюджеттин эсебинен айыл аймактын ички жолдорун оңдоого жана жаңылоого 28 млн сом бөлүнүп, Күңгөй-Кожоке, Жаңы-Базар, Чеч-Дөбө айылдарында 4 км. жол асфальтталды, ал эми Байыш айылына (АРИС) Эл аралык уюмунун каржылоосу менен 1600 метр аралыкка асфальт бастырылды, 100 метр аралыкка жөө өтмөк салынды, жалпысынан 24 млн сом жумшалды. Ошондой эле, 2000 метр аралыкка шагыл төшөө үчүн жергиликтүү бюджеттен 250 000 млн сом бөлүнсө, демөөрчүлөрдүн жардамы менен 9.2 км жолго 1 млн 700 миң сом акча каражаты жумшалды.

## Билим берүү жана саламаттыкты сактоо

Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн аймагында 8 мектеп жана 9 балдар бакчасы иштейт, 324 мугалим 4036 окуучуга билим беришет. Ал эми 721 бала балдар бакчаларында тарбияланышат. Билим берүү мекемелерин инфратүзүмдөрүн жакшыртуу боюнча маанилүү иштер аткарылууда. М. Ломоносов атындагы орто мектептин жылытуу системасы жаңыланды. А. Осмонов атындагы орто мектепке стол, стулдар алынып, капиталдык оңдоо иштери аткарылды. Ошондой эле Жар-Коргон айылындагы “Улук апа” көчөсүндө мектепке чейинки билим берүү мекемеси курулду.

Айыл аймактагы медициналык кызматтарды Көк-Бел аймактык ооруканасы, 3 ҮБДТ, 4 фельдшердик-акушердик пункт, 1 стамотологиялык эмкана жана 2 тез жардам пункту элге кызмат көрсөтөт. Көк- Бел ооруканасы 30 керебетке ылайыкташтырылган, 74 медициналык кызматкерлер эмгектенет. Азыркы күндө оорукананын имараты бала бакчанын имаратында убактылуу жайгашкан. Жаңы оорукананы куруу иштерине 143 млн 800 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Кожоке айылындагы ҮБД борборунун шифери жаңыланды, төрөт бөлүмүнүн терезелери алмаштырылды.

**Б. Ысакова.**

# КЫРГЫЗСТАНЫМ, СЕН БАР ҮЧҮН БИЗ БАРБЫЗ!



Маметжума Каракозуев көп жыл мамлекеттик кызматтарда иштеп, элине ак кызмат кылган инсан. Ал 1952-жылдын 15-мартында жарык дүйнөгө келген.

Эмгек жолун 1973-жылы Оштогу Соода техникумунда мугалимдиктен баштаган. Ошондон тарта өмүрүнүн эң мыкты бөлүгүн мекенге кызмат кылууга арнап, экономист, инспектор катары Ош шаардык жана облустук деңгээлдеги мамлекеттик кызматтарды аркалап, Ош шаарынын өнүгүүсүнө кайдыгер карабаган, чабыты кенен замандашыбыз. Өзгөчө экология, экономика жана бажы кызматындагы тажрыйбасы зор. Мындан тышкары, ал аксакалдар сотунун мүчөсү болуп, коомдук иштерге да активдүү катышып келе жатат. Мамлекеттик кызматтагы узак жылдык тажрыйбасы үчүн бир нече сыйлыктар менен да сыйланып, азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Ал эми Маметжума Каракозуевди өзгөчө кылып көрсөткөн сапаты — анын акындык өнөрү, албетте бала кездеги кыргыз адабиятына болгон шыгы тынч жаткырбай көп жылдан бери калем кармап, жүрөк кыймылын кагаз бетине түшүрүп келет. Анын ырларында мекенге болгон сүйүү, ата журттун даңкы, эл-журттун тагдыры, патриоттук сезимдер менен табияттын шайкеш келген кубулуштары кеңири чагылдырылат. Акындын саптарынан кыргыз элинин тарыхы, жашоосу, каада-салты, баалуулуктары жана бүгүнкү турмушу айкын көрүнүп турат.

Ал көбүнэсе элдин башына түшкөн оор учурларды, жаратылыштын кайталангыс кубулуштарын, тарыхта кала турган окуяларды ыр менен сүрөттөп кара сөздү ыр сабына батырып келет. Анын чыгармаларында ата-бабаларга болгон урмат, кыргыз элинин эркиндикке болгон умтулуусу, рухий тазалык жана адеп-ахлак башкы темалардын бири катары орун алып келет.

Ал чыгармалары менен окурманын ойго салып, мекенге болгон сүйүүнү ойготот. Акын катары да, жаран катары да өз элине таза кызмат кылып келе жаткан инсандардын сап башында турат. Маметжума Каракозуев — жүрөгү эл деп соккон, ырында Мекенди даңазалаган, өмүрүн эл-журтка арнаган чыныгы мекен уулу. Ырларына обон жазылып эл ичинде кеңири ырдалып жүрөт.

### Альпинист кызга

Түбөлүк мөңгү ак музда,
Кыргыздын туусу желбирейт.
Бороон шамал ышкырып,
Этек жеңди өпкүлөйт.
Бийиктик өргө шаштырып,
Бакытка самап жетсин дейт.

Бак-шактуу гүлзар калаадан,
Жол жүрүп бийик сапарга.
Тоолордун ак муз мөңгүсү,
Шамалы ырдап башкача.
Аруулук менен бийиктик,
Айкашып турган таптаза.

Ала-Тоо көзгө элестеп,
Чын дүйнө, жалган дүйнөдөн.
Тууган жер элди миң эстеп,
Бийиктик энсеп көрбөгөн,
Бороонго бетин өптүрүп,
Баратты бакыт издеген.

### Күз

Жол боюнда, коон-дарбыз жалдырайт,
Дыйкан дале кетмен менен талаада.
Суулар неге күрпүлдөбөй шалдырайт,
Сары талаа, боз адырлар санаада.

Топ-топ болуп, аңыз толо таранчы,
Жүзүм зарда жүзүм өңү сапсары.
Сапар карып, тынч эмеспи санаасы,
Кызыл-сары токой чердин арасы.

Козу-улактар ээрчип эмбей энесин,
Бышкан чөптүн тандап терет бүрлөрүн.
Көк кашка суу бүт чөгөрүп элесин,
Сүрөтчүнүн сүрөт боек түрлөрүн.

Сапырылып саман жатат кырманда,
Баары тепсейт: эшек, ую, жылкысы.
Шамал согот обон болуп ырларга,
Жылдыздардын качып турат уйкусу.

Комбайндар катар жүрүп күркүрөп,
Машинага кызыл тоодой үйүлүп.
Кырмандагы чоң моло таш күрсүнөт,
Өгүздү эстеп күш-күш тарткан күйүгүп.

### Кыргыздын жери керемет

Кыргыздын жери керемет,
Суулары ташты ташка уруп.
Кум болуп алтын эленет.
Көк бөрү тартып, күлүк чаап,
Үстүндө жүргөн тебелеп,
Кыргызым аны сезе элек.



Ак мөңгү тоолор коргондой,
Мөңгүлөр уктайт ойгонбой.
Булактар туйлап аскадан,
Күү чыгат комуз толгонбой.
Аскалар ырдайт жаңырып,
Оркестр коюп койгондой.

Адырлар алоо кызгалдак,
Алдыман тосот кол булгап.
Арчалар, кайың, карагай,
Шуулдап ырдайт сыр сурап.
Атырын чачып айлана,
Ыргалып гүлдөр кол сунат.



### Ата-журт

Оо, кутман жер, берекеси төгүлгөн,
Оо, кутман эл, аалам сыйган пейлиңден.
Уруусун да, туурусун да алпештеп,
Кубат берген, дымак берген энем сен!

Ызгаар суук, бороондорго кайыкпай,
Сыйына да, ыйына да камыкпай.
Ырыс чачып, дөөлөт берип келесиң,
Күн сыяктуу нурун төгүп шайма-шай.

Бергендерден алгандар көп кайтарбай,
Берекесин же чыгымын айта албай.
Оо, кутман эл, оо, кутман жер,
Баарын көрүп, баарын багып жаткандай.

Оо, кутман жер берекеси төгүлгөн,
Оо, кутман эл аалам баткан пейлиңден.
Сен болбосоң жерсиз, тилсиз биз кимбиз?..
Ата-журтум алпештеген энем сен.

### Кыргызстаным, сен бар үчүн биз барбыз!

Даңктана бер, эркин элим Кыргызстан,
Эркиндигиң ынтымакка жарашкан.
Желбиресин кызыл тууң нур чачып,
Эгемënсиң, эркин элсиң,
Кылымдардан ата-бабам самашкан.

Эркин элим, азаттыктын жолунда,
Өз тагдырың, келечегиң колуңда.
Касиеттүү Ысык-Көлүм, Ала-Тоо,
Качан болсо жүрөгүмдө оюмда.
Өс, өркүндө, азаттыктын жолунда.

Ата мекен сен бар үчүн биз барбыз,
Сени менен дил, тил бирге бир жанбыз.
Атилладай, айкөл Манас баатырдай,
Эркиндикти биз коргоого даярбыз!

Түндүктөн ай, күн нур чачып,
Кызыл туу турсун нурланып.
Эгемен элим өркүндөп,
Урпактар турсун кубанып.
Кымбатсың Кыргызстаным!

Кыргызстаным, сен бар үчүн биз барбыз,
Кылым бою кызматыңа даярбыз.
Кең Ала-Тоо, токой, көлүң, талаалар,
Көздөй сактап, гүлдөтүүгө жарайбыз,
Кыргызстаным, сен бар үчүн биз барбыз!

### Сен гана

Ошол күнү билбейм неге ашыктым?
Бороон күчөп турган эле кар учуп.
Билалбадым, мынча неге жашыксың?
Бирок калдың жүрөгүмдө сен уюп.

Карлар учуп, алай-дүлөй айлана,
Карааның да горизонттон узады.
Карегимде, жүрөгүмдө сен гана,
Көкүрөктү үмүт сүйүү тушады.

Улуу тоолор ашуу-ашуу белестер,
Ушул жолго тагдыр үмүт байланган.
Укмуш сүйүү бир жандыбы ким эстээр...
Улам күчөп, жанар тоого айланган.

Алай, Памир улуу тоолор айкашып,
Ай, жылдыздар нурун төгүп башкача.
Ушул тоого улуу достук жарашып,
Жетпей турдуң, эсте турдуң сен гана.

Жанып, күйүп жылдыз учат асманда,
Жүрөгүмдөн сага деген учкунбу?
Сездиң бекен, сезбедиңби сен гана,
Сагынычты бороон сага учурду.

Улуу Памир эмнегедир тунжурап,
Кызыл-Арттан кыя карап күн күлдү.
Сен кеткен жол үмүт улап, кут улап,
Сезимдерди сыйдыра албай, күн жылды.

**Маметжума Каракозуев,**
**Ош шаары.**



### Бегали кызы Жаркынай:

# “ООРУНУН АЛДЫН АЛУУ КҮЧӨТҮЛӨТ”

**Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттердин (КЖВГ) жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (АИВ) көзөмөлдөө борборунун мониторинг жана уюштуруу, методикалык иштер бөлүмүнүн башчысы Бегали кызы Жаркынай кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттер (КЖВГ) жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (АИВ) боюнча Ош облусу жана Ош шаарындагы абал тууралу бизге айтып берди. Төмөндө окурмандарга алынган маалыматтарды сунуш этебиз.**

- Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди (КЖВГ) жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (АИВ) көзөмөлдөө борбору (мындан ары - ООКЖВГжАИВКБ) Ош облусунда жана Ош шаарында кан аркылуу КЖВГ жана АИВ инфекциясынын диагностикалоо жана дарылоо боюнча иш-чараларды координациялайт. Ошондой эле саламаттыкты сактоо министрлигинин жана Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунун жетекчилиги алдындагы стратегиялык өнүгүүнү ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо системасынын экинчи деңгээлдеги мамлекеттик органы болуп саналып калды. Борбор өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүү боюнча “Дени сак адам-өнүккөн өлкө” жана Ош шаардык мэриясынын “Ош шаарында 2023-2025-жылдар ичинде АИВ-инфекциясын, вирустук гепатиттерди жана кургак учукту жоюу боюнча”муниципалдык программаларын ишке ашыруу багытында алып барды. Бүгүнкү күндө КЖВГ менен ооруган бейтаптар мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн акысыз медициналык кызматтарды алып жатышат: эмдөө, дарт аныктоо, дарылоо, кеңеш берүү ж.б.

ООКЖВГжАИВКБнун медициналык адистеринин ичинен-15 квалификациялык категорияга ээ кызматкерлер эмгектенишет. Анын ичинен жогорку категорияда -8 , биринчи категорияда -2, экинчи категорияда -5 адис.

2024-жылдын аягына карата Ош облусу боюнча 4044 бейтап ВГВ, 606 бейтап ВГВ+Д жана 1398 бейтап ВГС оорулары менен диспансердик көзөмөлгө алынган.

2024-жылдын ичинде Ош шаары боюнча АИВ-илдетине чалдыккан 61 жаран катталган, 2023-жылда 60 учур катталган, салыштырмалуу АИВ-инфекциясынын катталуусу боюнча эпидемиологиялык абал туруктуу бойдон калууда.

Жыныстык жол аркылуу жугуу учурлары көп катталууда. 2024-жылда жыныстык жолу аркылуу 57 учур катталган. Ал эми 2023-жылда жыныстык жугуу жолу аркылуу 59 учур катталган. Энеден балага жугуу жолу менен 2024-жылда бир бала (апасы Россияда болуп, дары ичкен эмес) катталган. Ал эми 2023-жылда катталган эмес.



Жашы боюнча 20-29 жаштагы жарандарда 18 учур катталып 29,5% жана 30-39 жаштагы жарандарда 21 учур катталып 34,4% түзгөн, башкача айтканда эмгекке жарактуу курактагы жарандар арасында көп катталып, коомго терс таасирин тийгизип жаткандыгын белгилеп кетсек болот. АИВ-инфекциясы менен катталгандардын ичинен 51 учур же 83,6%ын мигранттар түзөт, ал эми калктын аярлуу катмарларынын арасында 5 учур катталып, 17,3% түзгөн. Негизги жетишкендиктердин көрсөткүчү катары акыркы жылдарда баңги заттарын ийне саюу аркылуу колдонуучулардын арасында АИВ-инфекциясы катталбагандыгын белгилеп кетсек болот.

2024-жылда АИВ-илдети эркектер арасында 36 учур (59,0%) катталган, аялдар арасында 25 учур катталып, 41,0%ды түзгөн. Анализ көрсөткөндөй, Ош шаары боюнча эркектер арасында АИВ-инфекциясы басымдуулук кылат.

ООКЖВГ жана АИВКБнун дарыгерлери тарабынан КР ССМинин АИВ жана КЖВГнын алдын алуу, дарылоо жана жеңүү боюнча буйруктары, басмырлоо жана кодулоо боюнча 50 жолу семинардык окутуулар өткөрүлүп, 1853 жаран (медицина кызматкерлери, күч органдары, жалпы калк, жаштар, студенттер, жогорку класстын окуучулары) катышкан.

Медицина кызматкерлеринин билим деңгээлин жогорулатуу максатында Ош облусунун жана Ош шаарынын дарылоо-профилактикалык ооруканаларынын медицина кызматкерлери толугу менен аттестациядан өткөрүлдү.

АИВ/ЖИКС жана КЖВГ боюнча КР ССМ 2024-жылдын 23-июлундагы №803-“Бүткүл Дүйнөлүк гепатитке каршы күрөшүү” күнүнө карата 10 күндүк кампанияны өткөрүү жөнүндөгү” буйругуна ылайык, Ош шаары жана Ош облусунун саламаттыкты сактоо координаторунун 2024-жылдын №130-буйругу чыгарылып, бардык ССУдарында иш-пландар түзүлүп, ага ылайык иш-чаралар аткарылды жана маалыматы берилди.Ош шаардык мэриясы тарабынан түзүлгөн иш -чаралар планынын негизинде шаардын бардык Муниципалдык аймактык башкармалыктарында акциялар өткөрүлүп, вирустук В гепатитине каршы эмдөөнүн зарылчылыгы боюнча кеңири маалыматтар берилди. 10 күндүк кампанияда түшүндүрүү иштерине -3770 адам катышты. АИВке шилекей аркылуу экспресс тесттен 291 жаран өтөкөрүлдү жана алардын арасынан оң жыйынтык менен катталгандар кездешкен жок.



Ал эми “Бүткүл Дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө” карата КР ССМ №1172-буйругуна ылайык, 2024-жылдын 30-октябрындагы, Ош облустук саламаттыкты сактоо координаторунун 2024-жылдын 6-ноябрындагы №192/50-буйругуна ылайык иш-планы түзүлүп мектеп окуучулары, студенттер жана жаштар, диний өкүлдөр, ЖМК жана жалпы калк арасында иш-чаралар өткөрүлдү (окуучулар арасында сынак, студенттер арасында семинардык лекциялар жана квиз найт, аялдар арасында форум, диний өкүлдөр арасында тегерек стол). 2024-жыл ичинде гезитке 4 жолу макала берилди, ТВ аркылуу 13 жолу, радио аркылуу 2 жолу АИВ/ЖИКС жана КЖВГ боюнча маалымдалды.

Ош шаардык мэриясынын “Ош шаарында 2023-2025-жылдар ичинде жугуштуу ооруларды, кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди, адамдын иммундук жетишсиздик вирусун жана кургак учукту жоюу боюнча Муниципалдык Программасынын негизинде шаардын “Курманжан-Датка”Муниципалдык аймактык башкармалыгынын бардык кварталдык комитеттеринде акциялар өткөрүлдү. Акция учурунда Ош областтык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатитерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунун дарыгерлери тарабынан вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусунун алдын алуу боюнча калк арасында лекциялар окулуп, АИВ-инфекциясына шилекей аркылуу акысыз (экспресс) ылдам тестирлөө жүргүзүлдү. Ош шаарынын жана Ош облусунун казыяттары менен биргеликте диний кызматкерлери үчүн тегерек стол уюштурулуп, кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана АИВ-инфекциясынын алдын алууда болуп жаткан көйгөйлөр талкууланып, аларды чечүү жолдору боюнча негизги багыттар белгиленди. Ош облустук ички иштер башкармалыгынын милиция кызматкерлеринин жана Үй- бүлөлүк медицина борборлорунда жана ооруканаларда медициналык кызматкерлеринин арасында АИВ-ИЖСнын алдын алуу боюнча билим деңгээлин жогорулатуу максатында семинарлар өткөрүлдү.

Ош шаарында жайгашкан жогорку окуу жайларынын факультеттерине, колледждерине, кесиптик лицейлерге жана мамлекеттик ишканаларга маалыматтык лекциялар өткөрүлдү.

АИВ жана КЖВГнин алдын алуу маселелери Ош облусунун калктын саламаттыгын сактоо маселелери боюнча координациялык комиссиянын отурумунда 2024-жылдын 12-декабрында каралды. 2024-жылдын 11-мартында Ош облусунун саламаттыкты сактоо кеңешмесинде кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттердин (мындан ары КЖВГ) жана АИВ-инфекциясынын абалы, маселелери талкууланды. Ош облусу жана Ош шаары боюнча саламаттыкты сактоо боюнча кеңешмеде 2024-жылдын 21-октябрында каралып, чечими аткарууга берилди. Ош шаарынын мэриясынын калктын саламаттыгын сактоо маселелери боюнча координациялык комиссиянын отурумунда 2024-жылдын 24-майында каралып, протоколдук тапшырмасы кабыл алынып аткарууга берилген.

Ош шаарында В жана С гепатит вирустарынын жана ВИЧ- инфекциясынын таралышын жана калк арасындагы коркунуч факторлоруна баа берүү үчүн серологиялык изилдөөсү өткөрүлүп, 390 үй-бүлөнү камтыды.

Сөз соңунда белгилесек, оорудан сактануу жана алдын алуу иштери күчөтүлүп, тиешелүү иш - чаралары тынымсыз көрүлмөкчү.

***Жазып алган:***
***К.Кыдыралиева.***

Архив кызматы

# ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТ ЖҮГҮРТҮҮ ИНТЕГРАЦИЯЛАНУУДА

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы мамлекеттин эң бай маалымат ресурсу болуп саналат. Республиканын архивдеринде 19-кылымдын ортосунан азыркы мезгилге чейинки мезгилди камтыган 4 миллион 400 миң бирдиктен ашык документтер бар. Анын ичинен 4 миллион 292 миң кагаз документ, 16 миңден ашык кинодокумент, 92 миңге жакын фотодокумент, 6 миңден ашык үн документ жана бир миңден ашык видеоматериалдар түзөт. Министрлик тармакты толугу менен санариптештирүү, архивдик документтерди санариптештирүү, алардын андан ары сакталышын камсыз кылуу жана пайдалануу фондун түзүүгө, ошондой эле архивдерди электрондук документ






жүгүртүү системасына интеграциялоого умтулуп жатат. Республикада бардыгы болуп 65 мамлекеттик архив бар, аларда Кыргызстандын тарыхы, административдик-аймактык бөлүнүшү, экономиканын, маданияттын, илимдин бардык тармактарындагы ар кандай мамлекеттик жана коомдук мекемелердин жана уюмдардын тарыхы боюнча кеңири ретроспективдүү маалыматтар сакталат. Ошондой эле чет мамлекеттер менен болгон байланыштар жана Кыргызстандын белгилүү инсандары тууралуу маалыматтар камтылган.

## Кагаз түрүндөгү номенклатураларды түзүү

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылдын 1-сентябрындагы №3-д буйругу менен бекитилген "Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруучу архивдик документтердин тизмегин" Кагаз түрүндөгү номенклатураларды түзүү жана өздүк курам боюнча буйруктарга өзгөрүүлөр киргендигине байланыштуу, Архив кызматынын Ош шаардык мамлекеттик архивинин топтоо булагынын тизмесинде турган шаардык деңгээлдеги мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекеме, уюм, ишканалардын жетекчилерине, иш кагаздарын жүргүзүүгө жооптуу кызматкерлерге семинар өткөрүлдү.

Ош шаардык мамлекеттик архивинин директору Жаныбек Баатыров көктөмөлөрдүн номенклатурасын туура түзүү жөнүндө айтып, номенклатура боюнча түшүнүк берди. Ал эми Инфоком мамлекеттик ишканасынын Ош облусу боюнча кординатору Улук Алиев Архивариус деген ким жана анын милдеттери тууралуу, ЭДСте өздүк курам боюнча иш кагаздарынын электрондук номенклатурасына өзгөртүүлөрдү киргизүү, ЭДЖСте (Электрондук документ жүгүртүү системасы) туура иштөө жана документтерди жок кылуу тартиби боюнча баяндама жасады.

Семинар-окууга Ош шаардык мамлекеттик архивинин топтоо булагына кирген 68 мекеме-уюмдардын жетекчилери, кызматкерлери жана Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын мектепке чейинки билим берүү жана орто билим берүү мекемелеринин жетекчилери, иш кагаздарын алып баруучу кызматкерлери катышышты.

Азыркы учурда Ош шаардык мамлекеттик архивинин топтоо булагына кирген бардык мекеме-ишканалардын көктөмөлөрүнүн электрондук номенклатуралары макулдашып түзүлүп жана бекитилип, иш алып барууда.

"Инфодокс" ЭДЖСте (Электрондук документ жүгүртүү системасы) номенклатурага ички документтерди кошуу негизги ишмердик, жыйындардын протоколдору сыяктуу ички документтерди, ошондой эле башка ички документтерди каттоо үчүн функционалдык колдонууга мүмкүндүк берет. Азыркы учурда мекеме-ишканалар өздөрүнүн ички буйруктарын электрондук түрдө түзө баштašты.

**А.САПАРБАЕВА.**

Объявление

Филиал «Ош-Датка» ОАО «Айыл Банк» объявляет о реализации списанных основных средств (ОС) и малоценных быстроизнашивающихся предметов(МБП) по стартовой цене от 16 900,00 сомов:

| № п/п | Наименование |
|---|---|
| 1 | Компьютерные оборудовании: (упс, мониор, МФУ) |
| 2 | Мебели оборудование: (стулья, шкафы, офисные кресла) |
| 3 | Медиаконвертер |
| 4 | Роутер 4G |
| 5 | Калькулятор Citizen |
| 6 | телефонный аппарат "Panasonic" |

Вышеуказанные предметы реализуются полным списком, который можно приобрести по адресу г.Ош, ул.Ленина 313 "Г". Прием и регистрация заявок претендентов по реализации списанных предметов производится до 15:00 часов «11» июля 2025г. по вышеуказанному адресу. В заявлении потенциальный покупатель должен указать: Ф.И.О. покупателя, контактный телефон, предлагаемую цену на него и приложить копию паспорта. Вскрытие предложений состоится 15:00 часов, «11» июля 2025г. по вышеуказанному адресу. Победителями будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, а при равности предложений, победителями будут признаны претенденты ранее подавшие заявки. Расходы, связанные с оформлением имущества в соответствующих органах несет Покупатель. По всем вопросам можете обращаться по тел: (03222) 7-08-66; (0779) 08-82-83; (0552) 02-35-10;

Жарыялар

## Жараксыз деп табылсын

1997-жылы Жанчаров Айбек Ырызалиевичке Ош мамлекеттик университети тарабынан берилген ГВ №03920 каттоо № 367 болгон дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1982-жылы Керимова Гулмира Сыдыковнага Ош мамлекеттик педагогикалык институту тарабынан серия ЗВ № 060858 каттоо № 373 болгон дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Колдашева Барно Мухамеджановнага таандык болгон ИНН 11107198501982 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгодугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1999-жылы туулган Юнусова Озода Лутпиллоевнага Жалал-Абад педагогикалык колледжи тарабынан 2017-жылы берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Жеке ишкер Гапиров Шухрат Махаматнабиевичке таандык болгон ИНН 22011197400149 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Жеке ишкер Иминов Дилшод Рустамовичке таандык болгон ИНН 22905199500997 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Жеке ишкер Жороева Майрамбү Садыковнага таандык ИНН 10803197210019 сндуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Жеке ишкер Алмазбекова Айгуль Аблезовнага таандык болгон код ОКПО 21776182 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Аукцион

Ош шаарынын 140 көчөсүнүн № 5-А үйүндө жайгашкан Радиорелейлик станциялардын түштүк башкармалыгы төмөндөгү автоунааларга аукцион жарыялайт.

1. Мицубиси Делика-1995-ж. ГОС № 02-05 ZA
2. ДЭУ-Муссо 1998-ж. ГОС № 02 KG 854 AC
3. ВАЗ-21213 2002-ж. ГОС № 22-94 OA
4. Мерседес-Бенс Е-280 1994-ж. 02 KG 847 AC
5. ГАЗ-3110 1998-ж. ГОС № 30-00 OA

Аукционго катышуу үчүн арыздар 2-июль саат 14-00 дө токтотулат. Аукцион мекеменин имаратында 2025-жылдын 3-июль саат 10-00дө өткөрүлөт. Байланыш үчүн тел: 0-701-78-10-36, 0-778-07-00-78.

ххх

Кара-Суу районундагы Манас айыл өкмөтүнүн Каратай айылында жайгашкан 15000,0 чарчы метр муниципалдык менчикте турган жер аянты торук аркылуу ижарага берилет. Торук 2025-жылдын 23-июль күнү саат 15-00дө Манас айыл өкмөтүнүн имаратында өткөрүлөт.

## ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТАБЫЛСЫН

Авазбек кызы Замирахангa Ош Мамлекеттик университетинин Искусство факультетинин магистр, көркөм билим берүү боюнча муз(м)-22 тайпасын 2024-жылы бүтүргөндүгү тууралуу берилген Дипломдун (Ум №240303012 Ижк:11504199400233 каттоо №4187) ичиндеги эки барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Песочин Олег Абдурахмановичке таандык «Солнечное ущелье» багбанчылык коомунун жер участогу жөнүндө мамлекеттик акты жоголгондугуна байланыштуу ал документ жараксыз деп табылсын.

# Төө-Моюндагы демилгелүү аракеттер

**Ош облусунун Араван району быйыл өзүнүн 90 жылдык маарекесин белгилөө алдында турат. Бул мааракe аймактарда ар түрдүү өнүгүү иштери менен коштолуп, Төө-Моюн айыл өкмөтүндө майрамдык маанайда үч маанилүү объект пайдаланууга берилди. Жергиликтүү калктын жашоо-шартын жеңилдеткен жана келечек муунга кызмат кыла турган бул ачылыштар элет турмушундагы өнүгүүлөрдүн бири катары калк керегине тапшырылды.**



## Керкидандага суу чыкты

Төө-Моюн айыл өкмөтүндө алгач Керкидан айылында жаңыдан сугат суу скважинасы иштеп баштады. Бул суу кудугу Ага Хан өнүктүрүү фондусунун колдоосу менен курулуп, учурда 20 гектар кайракы жерге суу жеткирүүдө. Аталган иш-чарага Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн башчысы Насирдин Абдураимов, фонд өкүлдөрү жана жергиликтүү тургундар катышты.



Аймактын негизги тиричилиги -дыйканчылык. Жайкысын аптаптаган кургакчылык менен күрөшүп жүргөн дыйкандар үчүн бул скважина күтүүсүз кубануу тартуулады. Ачылышка күбө болгон айыл тургундары бул саамалыкты кубануу менен кабыл алышканын жашырышкан жок. “Эгин эгип, түшүм алабыз десек, суу негизги маселе. Эми болсо убагында сугарабыз деген үмүт бар,” — дейт айыл тургуну Мамбет Эгембердиев.

Аймакта буга чейин 15 скважина иштеп турган болсо, бул 16-скважина болуп, калктын муктаждыгын жабууда олуттуу орунда турат эмеспи. Дегенибиздей, аталган аймактын айыл өкмөт башчысы Насирдин Абдураимов өз сөзүндө:

“Дыйкандарды сугат суу менен камсыздоо - биз үчүн милдет. Дыйкандарыбыздын эмгеги текке кетпеш үчүн колдон келишинче шарт түзө беребиз. Алган мол түшүм айыл тургундарынын үй-бүлөлүк бюджети үчүн гана эмес, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу үчүн да маанилүү»-деди.

## Авиздеги спорт аянтча

Экинчи объект - Авиз айылында курулган футбол аянтчасы. Мурда бул айылда спорттук инфраструктура такыр жок болгонун жергиликтүүлөр ырасташты. Буга чейин жаштар мектеп залдарында машыгып, спортко тартылууда өздөрү аракет кылып келишкен. Эми болсо, райондук өнүктүрүү фондунун жана жергиликтүү бюджеттин каржылоосу менен заманбап спорт аянтчасы жаш спортчуларды кубанычка бөлөдү.





Ачылышта күбө болгонубуздай мындагы жаш спортчулар түзүлгөн мүмкүнчүлүк үчүн ыраазы экенин билдиришти. “Бул жер биздин экинчи үйүбүз болуп калды. Эми машыгууга да, мелдеш өткөрүүгө да толук шарт түзүлдү,”- дейт спорт ышкыбозу Рахманкул уулу Амантай.

Аймак жетекчилиги бул демилге жаштардын бош убактысын туура пайдаланууга, кылмыштуулуктан жана туура эмес жолдон алыс болууга багыттарын белгиледи. “Өзүм мурунку аскер кызматкери катары айта турган болсом, жаштардын келечеги-бул өлкөнүн келечеги. Спортко тартуу аркылуу биз сергек жашоону гана эмес, жоопкерчиликти да үйрөтөбүз. Айрыкча, айыл жергесинде жаштарды туура багытка жол көрсөтүүдө спорттун пайдасы маанилүү. Мына ушул багытта дагы да иштерди алып баруу менен мыкты келечек муундардын тарбиясына көңүл кош карабайбыз деген ишеничтебиз,” –дейт айыл өкмөт башчысы Насирдин Абдураимов.

Мындан сырткары, спорт аянтчасы айыл арасындагы ынтымакты чыңдоого да өбөлгө болот. Мелдештердин, чогулуштардын өтүшү элеттик жашоонун жандынышына чоң салым экенин жазбасак болбойт.

## Эки жээкти бириктирген көпүрө

Үчүнчү жана өзгөчө маани берчү объект Сары-Таш айылындагы чоң каналга курулган көпүрө болду. Бул көпүрө Араван-Төө-Моюн жолун түз бириктирип, эки айылдын ортосундагы жолду кыйла кыскартты. Анын өзгөчөлүгү бул көпүрө мамлекеттик бюджеттен эмес, айыл тургуну, жеке ишкер Маматжали Алдаевдин демөөрчүлүгү менен курулган.



“Соопчулук иштин сообу чоң. Бул көпүрөнү куруш менин көптөн берки тилегим эле. Өзүм өскөн жерге кичине болсо да пайда алып келсем дедим. Араван-Төө-Моюндун негизги жолун бириктирген көпүрө болду. Сары-Таш айылына курулгандыктан атын да Сары-Таш деп атап койдук,” -деди демөөрчү Маматжали Алдаев.

Жергиликтүүлөр ага ак батасын берип, ыраазычылыгын билдиришти. Ал эми көпүрөнүн курулушуна канча каражат кеткенин ишкер өзү ачык айтуудан баш тартты. Бирок, анын аракети элет тургундарынын турмушуна пайдасы тийип, жаштарга үлгү экенин айтышты жана айыл өкмөт тарабынан атайын Ыраазычылык каты тапшырылды.

“Бул көпүрө жөн гана темир жана бетон эмес, бул элдин биримдиги. Ушундай ишкерлер, демөөрчүлөр көп болсо, аймактар өз алдынча өнүгөт,” -деди Аппаз Пираев айыл тургуну.

## Токсон жылдын урматы

Ачылыштардын ар биринде жергиликтүү эл жигердүү катышып, кубанычын жашырган жок. Элет жашоосунда мындай өзгөрүүлөр күнүмдүк түйшүктү жеңилдетүүчү, жашоого болгон ишенимди арттыруучу көрүнүш болду. Айрыкча, өнүгүү жолунда коомчулуктун, жеке сектордун жана эл аралык уюмдардын биргелешкен аракеттери элет аймактары үчүн абдан маанилүү экенин жергиликтүү калк ар бир сөзүндө белгилеп өтүштү.

Айыл өкмөт башчысы Насирдин Абдураимов бул багыттагы иштер мындан ары да улантыларын билдирди:

“Биз кайдыгер боло албайбыз. Ар бир социалдык долбоор элдин кереги үчүн. Демөөрчүлөрдөн үчүгүбүз кур эмес. Колун сунгандар арбын, алар менен чогуу дагы көп ишке жетебиз.”

## Жемиштүү жыйынтык

Төө-Моюн айыл өкмөтүндөгү үч ачылыш -бир эле күндүк майрам эмес, ал узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрдүн, элет турмушунун жакшыруусунун символу. Бул күндөр аймактын тарыхында эсте кала турган күндөрдөн болду. Керкидандын суусу, Авиздеги футбол талаасы жана Сары-Таштагы көпүрө - үчөө тең ар башка муктаждыкты чечип, элетти алдыга сүрөп жаткан аракеттер.

Бул иштер жергиликтүү жетекчиликтин жоопкерчилиги, эл аралык уюмдардын колдоосу жана жөнөкөй жарандардын жигердүүлүгү бириккенде кантип жыйынтык болоорунун далили экенин айтмакчыбыз.

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**